- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Ферромагниттик өзөкчөсү жок трансформатор боюнча түшүнүктөрдү изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**
- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**

Ферромагниттик өзөкчөсү жок трансформатор жөнүндөгү түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо
- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

**Тема: Үч фазалуу симметриялуу чынжырларды эсептөө.**

| **СӨАИнин окутуу натыйжасы** | **Калыптандыруучу компетенциялар** |
|---|---|
| Студент үч фазалуу симметриялуу чынжырларды эсептөө жөнүндө изилдеп, анализдеп, талдай алат. | ЖК-2, КК-1, КК-8, КК-11 |

| СӨАИнин тапшырмасын алган күнү | СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү | СӨАИнин иштеп тапшырган күнү |
|---|---|---|
| 17.02.2026-ж. | 20.04.2026-ж. | 28.05.2026-ж. |

**Иштин кадамдары:**
**1-кадам. Даярдоо баскычы:**

- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Үч фазалуу симметриялуу чынжырларды эсептөө боюнча түшүнүктөрдү изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**

- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**

Үч фазалуу симметриялуу чынжырларды эсептөө жөнүндөгү түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо
- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

**Тема: Үч фазалуу симмериялуу эмес системанын симмериялуу түзүүчүлөрү.**

| СӨАИнин окутуу натыйжасы | Калыптандыруучу компетенциялар |
|---|---|
| Студент үч фазалуу симмериялуу эмес системанын симмериялуу түзүүчүлөрү темасы боюнча изилдеп, анализдеп, талдай алат. | ЖК-2, КК-1, КК-8, КК-11 |

| СӨАИнин тапшырмасын алган күнү | СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү | СӨАИнин иштеп тапшырган күнү |
|---|---|---|
| 17.02.2026-ж. | 20.04.2026-ж. | 28.05.2026-ж. |

**Иштин кадамдары:**
**1-кадам. Даярдоо баскычы:**

- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Үч фазалуу симмериялуу эмес системанын симмериялуу түзүүчүлөрү темасы боюнча түшүнүктөрдү изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**

- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**

- Үч фазалуу симмериялуу эмес системанын симмериялуу түзүүчүлөрү темасы

боюнча түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо
- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

**Тема:** Синусоидалдуу эмес чыңалуулар, токтор жана алардын маанилери**.**

| **СӨАИнин окутуу натыйжасы** | **Калыптандыруучу компетенциялар** |
|---|---|
| Студент синусоидалдуу эмес чыңалуулар, токтор жана алардын маанилери темасы боюнча изилдеп, анализдеп, талдай алат. | ЖК-2, КК-1, КК-8, КК-11 |

| **СӨАИнин тапшырмасын алган күнү** | **СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү** | **СӨАИнин иштеп тапшырган күнү** |
|---|---|---|
| 17.02.2026-ж. | 20.04.2026-ж. | 28.05.2026-ж. |

**Иштин кадамдары:**
**1-кадам. Даярдоо баскычы:**
- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Синусоидалдуу эмес чыңалуулар, токтор жана алардын маанилери темасы боюнча түшүнүктөрдү изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**
- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**
- Синусоидалдуу эмес чыңалуулар, токтор жана алардын маанилери темасы боюнча түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо
- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

**Тема:** Синусоидалдуу эмес токтун аракет этүүчү чоңдугу жана чынжырдын кубаттуулугу**.**

| **СӨАИнин окутуу натыйжасы** | **Калыптандыруучу компетенциялар** |
|---|---|
| Студент синусоидалдуу эмес токтун аракет этүүчү чоңдугу жана чынжырдын кубаттуулугу темасы боюнча изилдеп, анализдеп, талдай алат. | ЖК-2, КК-1, КК-8, КК-11 |

| **СӨАИнин тапшырмасын алган күнү** | **СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү** | **СӨАИнин иштеп тапшырган күнү** |
|---|---|---|
| 17.02.2026-ж. | 20.04.2026-ж. | 28.05.2026-ж. |

**Иштин кадамдары:**
**1-кадам. Даярдоо баскычы:**
- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Синусоидалдуу эмес токтун аракет этүүчү чоңдугу жана чынжырдын кубаттуулугу

темасы боюнча түшүнүктөрдү  изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**
- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык  жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**
- Синусоидалдуу эмес токтун аракет этүүчү чоңдугу жана чынжырдын кубаттуулугу темасы боюнча түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо
- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

**Тема: Автотрансформаторлор.**

| **СӨАИнин окутуу натыйжасы** | **Калыптандыруучу компетенциялар** |
|---|---|
| Студент  автотрансформаторлор жөнүндө изилдеп, анализдеп, талдай алат. | ЖК-2, КК-1, КК-8, КК-11 |

| **СӨАИнин тапшырмасын алган күнү** | **СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү** | **СӨАИнин иштеп тапшырган күнү** |
|---|---|---|
| 17.02.2026-ж. | 20.04.2026-ж. | 28.05.2026-ж. |

**Иштин кадамдары:**
**1-кадам. Даярдоо баскычы:**
- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Автотрансформаторлор боюнча түшүнүктөрдү  изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**
- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык  жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**
Автотрансформаторлор жөнүндөгү түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо
- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

**Тема: Электрдик машиналар.**

| **СӨАИнин окутуу натыйжасы** | **Калыптандыруучу компетенциялар** |
|---|---|
| Студент  электрдик машиналар темасы боюнча  изилдеп, анализдеп, талдай алат. | ЖК-2, КК-1, КК-8, КК-11 |

| СӨАИнин тапшырмасын алган күнү | СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү | СӨАИнин иштеп тапшырган күнү |
|---|---|---|
| 17.02.2026-ж. | 20.04.2026-ж. | 28.05.2026-ж. |

**Иштин кадамдары:**
**1-кадам. Даярдоо баскычы:**

- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Электрдик машиналар темасы боюнча түшүнүктөрдү изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**

- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**

- Электрдик машиналар темасы боюнча түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо
- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

**Тема:** Электрдик аппараттар**.**

| СӨАИнин окутуу натыйжасы | Калыптандыруучу компетенциялар |
|---|---|
| Студент электрдик аппараттар темасы боюнча изилдеп, анализдеп, талдай алат. | ЖК-2, КК-1, КК-8, КК-11 |

| СӨАИнин тапшырмасын алган күнү | СӨАИнин биринчи текшерүүдөн өткөн күнү | СӨАИнин иштеп тапшырган күнү |
|---|---|---|
| 17.02.2026-ж. | 20.04.2026-ж. | 28.05.2026-ж. |

**Иштин кадамдары:**
**1-кадам. Даярдоо баскычы:**

- Отчет түзүүнүн негизги принциптери менен таанышуу
- Электрдик аппараттар темасы боюнча түшүнүктөрдү изилдеп, аныктоо
- Топтолгон маалыматтарды талдоо жана анализдөө

**2-кадам. Негизги этап:**

- Отчетко материалдарды логикалык жана структуралык денгээлде ирээттөө
- Топтолгон материалдарды туура анализдеп, бөлүмдөргө бөлүү
- Ар бир бөлүмгө өз-өзүнчө жыйынтык жасоо

**3-кадам. Жыйынтыктоочу этап:**

- Электрдик аппараттар темасы боюнча түшүнүктөрдөн видеоматериал же презентация жасоо

- Өз алдынча иштин жыйынтыгын окутуучуга тапшыруу

## VII. ГЛОССАРИЙ

# Электротехника дисциплинасы боюнча глоссарий

**Электр заряды** – заттын электрдик касиетин мүнөздөгөн физикалык чоңдук; оң жана терс болуп бөлүнөт.

**Электр талаасы** – электр заряддарынын айланасында пайда болгон, башка заряддарга күч менен таасир этүүчү талаа.

**Электр талаасынын чыңалышы** – электр талаасындагы бирдик зарядга таасир эткен күч.

**Электр потенциалы** – талаадагы чекиттин энергетикалык мүнөздөмөсү.

**Потенциалдар айырмасы (чыңалуу)** – эки чекиттин потенциалдарынын айырмасы.

**Электр тогу** – электр заряддарынын багытталган кыймылы.

**Токтун күчү** – бирдик убакытта өткөргүчтүн туура кесилиш аянтынан агып өткөн заряддын саны.

**Токтун тыгыздыгы** – өткөргүчтүн бирдик аянтына туура келген ток.

**Туруктуу ток** – багыты жана чоңдугу убакыт боюнча өзгөрбөгөн электр тогу.

**Өзгөрмө ток** – убакыттын өтүшү менен чоңдугу жана багыты өзгөрүп турган ток.

**Ом мыйзамы** – чынжырдагы токтун күчү чыңалууга түз, каршылыкка тескери пропорциялаш.

**Электр каршылыгы** – өткөргүчтүн электр тогуна каршылык көрсөтүү касиети.

**Өткөрүмдүүлүк** – каршылыктын тескери чоңдугу, өткөргүчтүн токту өткөрүү жөндөмдүүлүгү.

**Электр энергиясы** – электр тогу иш аткарганда бөлүнүп чыккан энергия.

**Электр кубаттуулугу** – бирдик убакытта аткарылган жумуш.

**Электр чынжыры** – ток өтүүчү элементтердин жыйындысы.

**Бутакталган чынжыр** – бир нече бутактары бар электр чынжыры.

**Түйүн** – чынжырдын үч же андан көп элементтери кошулган чекити.

**Контур** – туюк чынжыр.

**Кирхгоф мыйзамдары** – электр чынжырларын эсептөө үчүн колдонулган негизги мыйзамдар.

**Электр сыйымдуулугу** – өткөргүчтүн электр зарядын топтоо жөндөмдүүлүгү.

**Конденсатор** – электр зарядын жана электр талаасынын энергиясын сактоочу элемент.

**Индуктивдүүлүк** – чынжырда ток өзгөргөндө ЭКК пайда болуу касиети.

**Катушка** – индуктивдүүлүккө ээ электр элементи.

**Өздүк индукция** – чынжырдагы токтун өзгөрүшүнөн өзүндө ЭКК пайда болуу кубулушу.

**Өз ара индукция** – бир чынжырдагы токтун өзгөрүшү экинчи чынжырда ЭКК пайда кылуусу.

**Магнит талаасы** – кыймылдагы заряддар жана токтор тарабынан пайда болгон талаа.

**Магнит индукциясы** – магнит талаасынын негизги мүнөздөмөсү.

**Электромагниттик индукция** – магнит агымы өзгөргөндө ЭКК пайда болуу кубулушу.

**Фаза** – синусоидалдык чоңдуктарды вектор түрүндө көрсөтүү ыкмасы.

**Толук каршылык** – өзгөрмө ток чынжырындагы толук каршылык.

**Чыңалуунун резонансы** – чынжырдагы реактивдүү каршылыктар теңелген абал.

## ОКУУ МЕТОДИКАЛЫК МАТЕРИАЛДАР

**Негизги адабияттар:**


1. А.С. Касаткин. М.В. Немцев. Электротехеика.М.2003
2. Ф.Е. Евдокимов. Теоретические основы электротехники М.1981


**Кошумча адабияттар:**


1. А.Я. Мучник, К.А. Парфенов. Общая электротехника, - М.В.Ш., 1965
2. В.Ю. Ломоносов. К.М. Поливанов. Электротехника М., энергоатомиздат, 1990
3. Г.Ф. Березкина. Н.Г. Гусев. В.В. Масленщиков. Задачник по общей электротехнике и основам электроники – М.В.Ш.., 1991
4. Э.А. Рабинович. Сборник задач и упражнений по электротехнике – М., Энергия, 1978
5. Ф.Е. Евдокимов. Теоретические основы электротехники М.1981
6. И.Л. Часто доев. Электротехника. М.В.Ш.,1987
7. А.Т. Блажкина. Общая электротехника. Энергоатомиздат.1986
8. В.С. Папанов. С.А. Николаев. Общая электротехника с основами электроники. М. 1972.
9. Мураталиев Б. «Электротехника». Перевод с русского на кыргызский язык. Бишкек,изд. «Мектеп», - 1993г.


***Таркатма материалдарды камтыган файлдар***

1.Эгерде ток булагынын чыңалуусу 220В болсо, балаты гирляндасына 6 Втук лампочкадан канчаны туташтыруу керек?

а)37 шт. б) 20 шт. в) 40 шт. г) 50 шт

2. Кайсыл учурда конденсаторлордун батареясын жарыш туташтырууга тура келет?

а) чоң сыйымдуулукту алуу үчүн; б) кичине сыйымдуулукту алуу үчүн; в) конденсатордун изоляциясынын каршылык туруктуулугунун запасын жакшыртуу үчүн; г) турактуу сыйымдуулукту алуу үчүн.

3. Лампочканы ток булагына туташтырганда каршылыгы кандай өзгөрөт?

а) каршылыгы көбөйөт; б) каршылыгы азаят; в) турактуу сакталат; г) тура жообу жок.

4. Турактуу магниттин уюлдарынын арасына жайланышкан жана турактуу ылдамдык менен айланган өткөргүчтүн орому(рамка) өзгөрүлмө токтун жөнөкөй генераторунун модели боло алабы?

а) ооба; б) жок; в) ротор г) туура жообу жок.

5. Өзгөрүлмө токтун чынжыры накалдык лампаны камтыйт. Бул чынжырдагы ток жана чыңалуу фазасы боюнча кандай өзгөрөт?

а) фазасы боюнча дал келет; б) ток чыңалуудан $\pi/2$ге озуп кетет; в) чыңалуу токтон $\pi/2$ге озуп кетет; г) туура жообу жок.

6. Эмне үчүн синусоидалдык ток кезинде индуктивдүү катушка токту чектейт?

а) индуктивдүү катушка каршылыктын ролун ойнойт.б) өздүк индукция кубулушунун ордун ээлейт; в) индуктивдүүлүк энергияны сарптабайт; г) туура жообу жок.

7. Симметриялуу жүктөм «жылдызча» схемасы боюнча туташтырылган. Сызыктуу чыңалуу 380В. Фазалык чыңалуу эмнеге барабар?

а)220В; б)127в; в)380В; г) 36В.

8. Нөлдүк өткөргүчтөгү ток 0гө барабар?

а) симметриялуу жүктөмдө; б) симметриялуу эмес жүктөмдө; в) куру жүрүш режиминде г) туура жообу жок.

9. /ч фазалуу генератордун ормдору «үч бурчтук» схемасы боюнча туташтырылган. Канча туташтыруучу өткөргүчтөр туура келет?

а) 3; б) 5; в) 4; г) 2.

10. Кайсыл учурда төрт өткөргүчтүү системаны колдонуу максатка ылайыктуу?

а) жарыктандырууну туташтыруу кезинде; б) кыймылдаткычтарды туташтыруу кезинде;

в) жарыктандырууну жана кыймылдаткычтарды туташтыруу кезинде; г) туура жообу жок.

11. Электрдик каршылыгы 2 Ом, ток күчү 4А кезинде чынжырдын бөлүгүндөгү чыңалуу канчага барабар?

а) 8В; б) 2В; в)0,5В; г) туура жообу жок.

12. Эгерде электр жылытуучу прибордун спиралын эки эсе кыскартып, ошол эле чыңалууга туташтырсак, анын кубаттуулугу:

а) 2эсе өсөт; б) 4 эсе өсөт; в) өзгөрбөйт; г) туура жообу жок.

13. Каршылыктары R1=4 Ом, R2=5 Ом, R3=6 Ом болгон резисторлор удаалаш туташтырылып, ток булагына туташтырылган. Эгерде R2 резисторунда чыңалуу 12В болсо, анда ток булагынын чыңалуусу канчага барабар?

а)36В. б)30В; б)24В; г) 12.

14. Ток булагынын ЭККсы сан жагынан анын кыскычтарындагы потенциалдардын айырмасына барабар:

в) туюкталбаган электр чынжырында; б ) туюкталган электр чынжырында; в) кыска туташтырылган электр чынжырында; г) туура жообу жок.

15.Омдун законун колдонуп тогу бар өткөргүчтөн бөлүнүп чыккан жылуулук санын эсептөөчү формуланы алууга болобу?

а) жок; б) ооба; U=IR; г) туура жообу жок.

16. Өзгөрүлмө токтун көз ирмемдеги мааниси-бул:

а) токтун берилген убакыт моментиндеги мааниси ; б) амплитуда; в) орточо мааниси; г) мезгили.

17. Жыштыкты чоңойтсок, индуктивдүү каршылык чоңойобу?

а) чоңойот; б) чойойбойт; кичирейет; г) туура жообу жок.

18. Эки симметриялуу керектөөчү үч фазалуу өзгөрүлмө токко туташтырылган. Алардын бири «жылдызча», экинчиси «үч бурчтук» схемасы боюнча туташтырылган. Кайсыл учурда алар бирдей кубаттуулукту керектейт?

а) ZΔ=ZY; б) ZΔ<ZY; в) ZΔ>ZY; г) туура жообу жок.

19. Эгерде генератордун үч фазасына үч кабыл алуучуну алты өткөргүч менен туташтырсак, үч көз карандысыз фазалык чынжырды алууга болобу?

а) ооба; б) жок; в) көз каранды чынжыр алынат; г) туура жообу жок.

20. Электр кыймылдаткычтары боло алат:

а) электр чынжыры үчүн симметриялуу жүктөмдө; б) электр чынжыры үчүн симметриялуу эмес жүктөмдө; в) электр чынжыры үчүн симметриялуу жана симметриялуу эмес жүктөмдө; г) туура жообу жок.

21. Электрдик плитканын спиралында ток күчү 5А, каршылык 44 Ом. Спиралдын чыңалуусу кандай?

а) 220В; б) 110В; в)36В; г) 380В.

22. Спиралдын ысык абалдагы каршылыгы 48 Ом, андан 2,5А ток агат. Булл спираль 25 минутада канча жылуулук санын бөлүп чыгарат?

а) 7,5кДж; б)25 кДж; в)45 кДж; г) туура жообу жок.

23. У. Томсондун формуласында L индуктивдүүлүгү катышабы?

а) ооба; б) жок; в) $R=\sqrt{R_0+L^2\omega^2}$ г) туура жообу жок.

24. Резисторду, индуктивдүү катушканы жана конденсаторду удаалаш туташтыруу кезинде ток чыңалуудан кандайдыр бир бурчка артта калат. Жүктөмдүн мүнөзү жөнүндө эмнени айтууга болот?

а) активдүү каршылыкка ээ болуп, ал эми индуктивдүү жана сыйымдуу каршылыктар барабар.

б) сыйымдуу каршылыкка ээ болот;

в) индуктивдүү каршылыкка ээ болот;

г) туура жообу жок.

25. Эки конденсатордун сыйымдуулугунун кандай катнашында алардын удаалаш туташтырылгандагы эквиваленттүү сыйымдуулугу жарыш туташтырылгандан 4 эсе кичине болот:

а) C1<C2 ; б) C1=C2;  в) C1>C2;  г) туура жообу жок.

26. Өзгөрүлмө токтун электр чынжырынын толук кубаттуулугун аныктоо үчүн кайсы теореманы эстөөгө тура келет?

а) Пифагордун; б)Фалестин; в) үч бурчтуктардын барабардыгынын белгисин;  г) туура жообу жок.

27.Туура жообун тапкыла:

а)Q=3UфIфsinφ 3.Реактивдүү кубаттуулук.

б) S=3UфIф 1.Активдүү кубаттуулук.

в)P=3UфIфcosφ 2.Толук кубаттуулук.

г) туура жообу жок.

28. Симметриялуу жүктөм «үч бурчтук» схемасы боюнча туташтырылган. Сызыктуу чыңалуу 220В. Фазалык чыңалуу канчага барабар?

а) 127В; б)220В; в)380В; г) 36.

29.Туура аныктаманы тандагыла:

а) /ч фазалуу система деп фазасы боюнча бири-бирине салыштырмалуу үчтөн бир мезгилге жылдырылган бирдей жыштыктагы үч өзгөрүлмөлүү ЭККнын системасы аталат.

б) /ч фазалуу система деп бирдей жыштыктагы үч өзгөрүлмөлүү ЭККнын булагын бириктирүүчү электр чынжыры аталат;

в) /ч фазалуу система деп бирдей амплитудадагы үч өзгөрүлмөлүү ЭККнын булагын бириктирүүчү электр чынжыры аталат;

г) туура жообу жок.

30. Электр талаасы деп … айтабыз.
а) электр заряддарын курчап турган жана ага киргизилген ар кандай башка заряддарга белгилүү бир күчтөр менен аракет этүүчү өзгөчө материяны;
б) ар кандай зарядды курчаган мейкиндикти;
в) чексиздиктен же оң заряддан башталып, терс заряддарда же чексиздикте бүтүүчү күч сызыктардын системасын;
г) мейкиндикте бири-биринен алыс жайгашкан заряддардын өз ара аракеттенишүүсүн ишке

ашыруучу ортомчу чөйрөнү.

31. Электр талаасынын чыңалышы деп … айтабыз.
а)бирдик зарядка аракет этүүчү күчтү;
б) ар кандай зарядка аракет эткен күчтүн ал заряддын чоңдугуна болгон катышын;
в) ар кандай зарядка аракет этүүчү күчкө түз, ал эми ошол заряддын чоңдугуна тескери пропорциялаш болгон чоңдукту;
г) талаанын берилген чекитине жайгаштырылган чекиттик оң зарядка талаа тарабынан аракет этүүчү күчтүн ушул заряддын чоңдугуна болгон катышын.

32. Бир тектүү электр талаасы деп … айтышат.
а) күч сызыктары өз ара жарыш болгон таланы;
б) чыңалыш векторлору талаанын бардык чекиттеринде өз ара жарыш болгон таланы;
в) бардык чекиттеринде чыңалышы абсолюттук чоңдугу боюнча бирдей болгон талааны;
г) бардык чекиттеринде чыңалыш векторлору модулу боюнча барабар жана өз ара жарыш болгон электр талаасын.

33. Жалпак конденсатордун электр сыйымдуулугунун формуласы
а) $C = \dfrac{\varepsilon_0 S}{d}$;  б) $C = \dfrac{q}{U}$;  в) $C = \dfrac{q}{\Delta\varphi}$;  г) $C = \dfrac{2W}{U^2}$.

34. Электр тогу деп … кыймылын айтабыз.
а) электр заряддарынын иреттелген багыттуу;
б) оң заряддардын ар кандай;  в) терс заряддын ар кандай;
г) электрондордун каалагандай.

35. Металл өткөргүчтөрүндө электр тогун ташуучу бөлүкчөлөр –
а) «эркин» электрондор; б) протондор ; в) оң иондор; г) терс иондор.

36. Бирдей үч резистор өз ара аралаш (экөөсү өз ара жарыш, ал эми үчүнчүсү - бул экөөнө удаалаш) туташтырылган. Бул системанын жалпы каршылыгы 6 *Ом.* Ар бир резистордун каршылыгы канчага барабар?
а) 4 *Ом;* *б)* 5 *Ом;* в) 3 *Ом;* г) 2 *Ом.*

37. Бирдей төрт резистор өз ара сүрөттө көрсөтүлгөндөй схема боюнча бириктирилген. Чынжырдын жалпы каршылыгы 8 *Ом.* Ар бир резистордун каршылыгы эмнеге барабар?
а) 8 *Ом;* б)2 *Ом;* в) 4 *Ом;* г) 6 *Ом.*



38. Диаметри *d* жана узундугу *l* болгон бир тектүү өткөргүчтүн каршылыгы R ге барабар. Өткөргүч жасалган заттын салыштырма каршылыгы эмнеге барабар?
а) $\rho = R\dfrac{l}{S}$;  б) $\rho = \dfrac{\pi d^2 R}{4l}$;  в) $\rho = \dfrac{1}{\gamma}$;  г) $\rho = \dfrac{1}{R}$.

39. Эмне себептен үйдү жарыктандыруучу электр лампочкаларын бири-бирине жарыш түрдө, ал эми елканы кооздоочу гирлянданын майда лампочкаларын өз ара удаалаш түрдө бириктиришет?
а) лампочкалар нормалдуу иштөөчү номиналдык чыңалуу (~220В жана ~3,5В) менен электр тармагындагы чыңалуунун (~220В) маанилерин эске алуу менен;
б) ар бирин өз алдынча же чогуу өчүрүп-жандырууга ыңгайлуу болсун үчүн;
в) электр энергиясын үнөмдөө максатында;
г) аларды бириктирүүчү өткөргүч зымдарды үнөмдөө үчүн.

40. Зарядды контурду бойлото жылдыруу боюнча бөтөн күчтүн аткарган жумушунун ал заряддын чоңдугуна болгон катышын … деп айтабыз.

а) туюк контурдагы электр кыймылдаткыч күчү;
б) Кулондун күчү; в) Ампердин күчү;
г) Лоренцтин күчү.

41. Толук чынжыр үчүн Омдун законунун формуласы:

а) $I = \frac{\varepsilon}{R+r}$; б) $I = \frac{U}{R}$; в) $I = \frac{P}{U}$; г) $I = \frac{\Delta q}{\Delta t}$.

42. Джоуль-Ленцтин законунун формуласы:

*а) $Q=I^2Rt$; б) $A=qU$; в) $Q=IUt^2$; г) $Q=cm\Delta t$.*

43. Каршылыгы 1 *Ом* болгон электр чынжырына ЭККү 1,5 *В* болгон ток булагы туюкталган. Чынжырдагы токтун күчү 0,1*А*. Ток булагынын ички каршылыгы эмнеге барабар?

а)14 *Ом;* б)1,4 *Ом;* в) 3 *Ом;* г)20 *Ом;*

44. Металл өткөргүчтөрүнүн электр өткөрүмдүүлүгү анын температурасынын жогорулашы менен…

а)начарлайт; б) жакшырат; в) өзгөрбөйт г) алгач азайып, анан жогорулайт.

45. Өзгөрүлмө токтун чынжырынын кайсы бөлүгү аркылуу ток өтүп жатканда жылуулук бөлүнүп чыкпайт?

а)реактивдүү каршылык
б)активдүү каршылык

в) конденсатор жана резистор
г) индуктивдүүлүк катушкасы жана резистор

46. Кайсы учурда өзгөрүлмө токтун чынжырындагы токтун күчү максималдык мааниге ээ болот?

а) активдүү каршылык нөлгө барабар болгондо
б) реактивдүү каршылык нөлгө барабар болгондо
в) сыйымдуулук каршылык нөлгө барабар болгондо
г)индуктивдүү каршылык нөлгө барабар болгондо

47. Өзгөрүлмө токтун жумушунун техникалык (практикалык) бирдиги:

а) кВт-саат; б) эВ; в) Дж; г) Вт-с

48. Төмөндөгү формулалардын кайсынысы өзгөрмө ток үчүн Омдун законун туюнтат?

а) $I_Э = \frac{U_Э}{\sqrt{R_0^2 + \left(\omega L - \frac{1}{C\omega}\right)}}$; б) $I = \frac{U}{R}$; в) $I = \frac{\varepsilon}{R+r}$;

г) $I = I_0 \sin \omega t$

49.Төмөндөгү формулалардын кайсынысы сыйымдуулук каршылыктын формуласы?

а) $R_C = 1/C\omega$; б) $R = \sqrt{R_0 + L^2\omega^2}$; в) $R = U/I$ г) $R = \rho\frac{l}{S}$

50. Кубаттуулуктары $P_1$=100Вт, $P_2$=150Вт и чыңалуусу U=220В болгон накалдык лампанын каршылыктарын аныктагыла:

а) $R_1$=484 Ом; $R_2$=323 Ом; б) $R_1$=484 Ом; $R_2$=124 Ом; в) $R_1$=684 Ом; $R_2$=324 Ом;
г) туура жообу жок

51. Сыйымдуу элементинде чыңалуунун жана токтун арасындагы фазалардын жылышуу бурчу канчага барабар?
а) -90;   б) 0;  б) 90;  г) туура  жообу жок

52. /ч фазалуу симметриялуу чынжырда жүктөмдөрдү жылдызча схемасы боюнча туташтырганда нөлдүк өткөргүчтөгү ток канчага барабар?
б) 0;  а) 127;  в) 220;  г) 120

53. Симметриялуу жүктөм үч бурчтук схемасы боюнча туташтырылган. Фазалык токту өлчөө кезинде амперметр 10Ади көрсөттү. Сызыктуу өткөргүчтөгү ток канчага барабар?
а) 10А; б) 17,3А;  в) 14,14А;   г) 120А

54. /й тиричилигинде керектөөчүлөр азыктануучу электр энергиясы үчүн кандай трансформаторлор колдонулат?

в) күчтүк;   б)өлчөөчү;   б) ширетүүчү;   г)  үчөө тең

55. Асинхрондук кыймылдаткычтын магнит талаасынын айлануу жыштыгы $n_1$ = 1000об/мин. Ротордун айлануу жыштыгы  $n_2$ = 950об/мин. Жылмышууну аныктагыла.
а) s = 0,05;   б) s = 0,5;   в) маселени чечүү үчүн берилиши жетишсиз;  г)туура жообу жок

56. Кандай каршылыктарга ээ болот: 1) амперметр;  2) вольтметр.
а)  1- кичине;  2- чоң;   б) 1-чоң; 2- кичине;   в) бирдей   г) тура жообу жок

57. Чыңалуусу 36В электр энергиясынын булагы адамга коркунучтуубу?
а) коркунучтуу эмес;  б) коркунучтуу;  в) кээ бир шарттарда коркунучтуу;
г)туура  жообу жок

58. Жылмалоочу филтрлерди кайсыл элементтерден түзүүгө болот?
а) конденсаторлордон, индуктивдүү катушкалардан, транзисторлордон, резисторлордон.
б) резисторлордон;  в) диоддордон;  г)туура  жообу жок

59. Керектөөчүнүн активдүү каршылыгын өлчөө үчүн кандай прибор колдонулат?
а) омметр. б) вольтметр;  в) ваттметр;  г) амперметр

60. Берилген кубаттуулукта электр берүү линияларында кандай чыңалууда берүү пайдалуу?
а) жогорулатылган;  б) төмөндөтүлгөн;  в) айырмасы жок;  г)туура  жообу жок

61. Асинхрондук кыймылдаткычтар кайсыл энергияны өзгөртүп түзүү үчүн колдонулат?
а) электр энергиясын механикалыкка;  б) механикалык энергияны электрдикке;
в) электр энергиясын жылуулукка;   г)туура  жообу жок

62. Индуктивдүүлүк L кайсыл бирдикте туюнтулат?
а) генри;  б) фарад;  в) кельвин;   г) тесла

63. Номиналдык чыңалуусу 220 В болгон накалдык лампаны сызыктуу чыңалуусу 380 В болгон үч фазалуу булакка туташтырылат. Лампаны туташтыруу схемасын аныктагыла.
а) төрт өткөргүчтүү жылдызча;  б) үч өткөргүчтүү жылдызча;  в) үч бурчтук;   г)туура жообу жок

4. Күчтүк бир фазалуу трансформатордун киришиндеги номиналдык чыңалуусу $U_1$= 6000 В, чыгышында $U_2$=100 В. Трансформатордун трансформациялоо коэффициентин аныктагыла.
а) k= 60;  б) k= 0,017;  в) маселени чечүү үчүн берилиши жетишсиз;  г)туура  жообу жок

65. /ч фазалуу чынжырда сызыктуу чыңалуу 220 В, сызыктуу ток 2 А, активдүү кубаттуулук 380 Вт. Кубаттуулук коеффициентин тапкыла?

а) 0,8; б) 0,6; в) 0,5; г)0,4.

66. Кандай электрдик чоңдук адамдын организмине түздөн-түз физикалык таасир этет?

а) чыңалуу; б) ток; в) кубаттуулук; г)туура жообу жок

67. Трансформатордун иштөө принцибинин негизинде кайсыл физикалык закон жатат?

а) электромагниттик индукция закону. б) Омдун закону; в) Кирхгофтун закону; г) туура жообу жок.

68. Керектөөчүлөрдүн реактивдүү кубаттуулугу кайсыл бирдикте туюнтулат?

а) Вар; б) Ватт; в) В; г) Ом

69. Эгерде жүктөм үч бурчтук туташтырылган болсо, үч фазалуу чынжыр үчүн берилген формулалардын кайсынысы ката?

$U_{Ô} = U_{ñûç}$

а) $U_Ф = U_{сыз}$; б) $I_{сыз} = I_Ф$; в) $P = 3 \cdot U_{сыз} \cdot I_{сыз} \cdot \cos\varphi$; г)туура жообу жок

70. Сызыктуу ток 2,2 Аге барабар. Эгерде симметриялуу жүктөм жылдызча туташтырылган болсо, фазалык токту эсептегиле?

а)2,2 А; б) 1,27 А; в) 3,8 А; г) 2,4А

71. Индуктивдүү элементинде чыңалуунун жана токтун арасындагы фазалардын жылышуу бурчу канчага барабар?

а) 90; б) 0; в) 180 г) -90.

72. Сыйымдуулук С кайсыл бирдикте туюнтулат?

а) Фарад; б) Генри ; в) Кельвин; г) Тесла

73. Сызыктуу ток 2,2 Аге барабар. Эгерде симметриялуу жүктөм үч бурчтук туташтырылган болсо, фазалык токту эсептегиле?

а) 1,27 А; б)2,2 А; в) 3,8 А; г) 120А

74. Эгерде бир фазалуу трансформатордун номиналдык параметрлери: $U_1$=220 В; $I_1$=10 А; $U_2$=110 В; $I_2$=20 А болсо, анда анын трансформациялоо коэффициентин аныктагыла.

а) k=2; б) k=0,5; в) маселени чечүү үчүн берилиши жетишсиз; г) тура жообу жок.

75. Активдүү каршылык, индуктивдүүлүк жана сыйымдуулук удаалаш туташтырылган электр чынжырында резонанс байкалат. Ал кандай аталат?

а) чыңалуунун резонансы; б) токтун резонансы; в) кубаттуулуктун резонансы; г) тура жообу жок.

76. Симметриялуу үч фазалуу чынжырда сызыктуу чыңалуу $U_Ф$=220 В, сызыктуу ток $I_Ф$ =5А, кубаттуулук коэффициенти cosф=0,8. Активдүү кубаттуулукту аныктагыла.

а) 880; б) P = 1110 Вт; в) P = 1140 Вт; г) P = 1524 Вт.

77. Индуктивдүү катушка жана конденсатор жарыш туташтырылган электр чынжырында резонанс байкалат. Ал кандай аталат?

а) токтун резонансы; б) чыңалуунун резонансы; в) кубаттуулуктун резонансы; г) туура жообу жок

78. Завод тарабынан эсептелинген электрдик түзүлүштүн иштөө режими кантип аталат?

а) номиналдык режим; б) куру жүрүш режими; в) кыска туташтыруу режими; г) туура жообу жок.

79. Резистивдүү элементи бар синусоидалдык токтун чынжырында энергиянын булагы кандай энергияга өзгөртүлүп түзүлөт:

а) жылуулук; б) магнит тлаасынын; в) электр талаасынын; г) туура жообу жок.

80. /ч фазалуу симметриялуу системаны пайда кылуучу  үч синусоидалдык ЭКЛардын арасындагы фазалардын жылышуу бурчу канчага барабар?
а) 120°;  б)150°;  в) 240°; г) $220^0$.

81.  Сызыктуу чыңалуу 220 В. Эгерде үч фазалуу чынжырдын жүктөмдөрү үч бурчтук туташтырылса, фазалык чыңалууну аныктагыла.
а) 220 В. б) 380 В;  в) 127 В;  г) 220.

82. Бир фазалуу күчтүк трансформатордун биринчи оромдорундагы чыңалуу жана ток: $U_1$=200 В, $I_1$=20 А; экинчи оромдорундагы чыңалуу жана ток: $U_2$=400 В, $I_2$=10А. Бул кандай трансформатор?
а) жогорулатуучу;  б) төмөндөтүүчү;  в) маселени чечүү үчүн берилиши жетишсиз; г) туура жообу жок

83. Техникалык коопсуздук эрежесинде орнотулган сырткы шарттан көз карандылыкта эң чоң жана эң кичине кармоого мүмкүн болгон чыңалууну көрсөткүлө.
а) 36 В и 12 В;  б) 127 В и 6 В;  в) 65 В и 12 В;  г) 65 В и 6 В.

84. Электрдик схемада эки резистивдүү элемент удаалаш туташтырылган. Эгерде $R_1$=100 Ом; $R_2$=200 0м;  I=0,1 А болсо, схеманын киришиндеги чыңалуу канчага барабар?
а)Uвх = 30 В;  б) Uвх = 20 В;  в) Uвх = 10 В;  г) Uвх = 100 В.

85. Бирдей материалдан жасалган жана бирдей диаметрдеги өткөргүчтөн бирдей ток өтсө, кайсынысы күчтүүрөк ысыйт?
а) кыскараагы;  б) узунураагы;  в) эки өткөргүч бирдей ысыйт; г) туура жообу жок.

86. Бутактарды жарыш туташтырууда берилген касиеттердин кайсынысы тура келбейт:
а) бардык бутактарда ток бирдей;  б) бардык бутактарда чыңалуу бирдей;
в) схеманын жалпы өткөрүмдүүлүгү бардык жарыш бутактардын өткөрүмдүүлүктөрүнүн суммасына барабар; г) туура жообу жок.

87.  Булактарды туташтыруунун кайсы түрү чыңалууну жогорулатат?
а) удаалаш;  б) жарыш;  в) экөөсү тең; г) туура жообу жок.

88. Активдүү каршылыкты гана камтыган өзгөрүлмө токтун электр чынжырындагы электр тогу:
а) фазасы боюнча чыңалуу менен дал келет.  б) фазасы боюнча чыңалуудан 90  градуска артта калат;  в) фазасы боюнча чыңалуудан 90  градуска алдыда жүрөт;  г) туура жообу жок.

89. Турактуу токто бутактарды удаалаш туташтырууда берилген касиеттердин кайсынысы тура келбейт:
а) чынжырдын бардык элементтериндеги чыңалуу бирдей жана чоңдугу боюнча кириш чыңалууга барабар.          б) чынжырдын бардык элементтериндеги ток бирдей;  в) чынжырдын кыскычтарындагы чыңалуу анын бардык бөлүктөрүндөгү чыңалуулардын суммасына барабар; г) туура жообу жок.

90. Электр энергиясын  берүү үчүн кандай линиялар колдонулат?
а) кабель линиялары;  б) аба линиялары;  в) телефон линиялары;  г) туура жообу жок.

91. Схема каршылыгы R = 220 Ом бир резистивдүү элементтен турат. Анын кыскычтарындагы чыңалуу U=220sin628t.  Амперметрдин жана вольтметрдин көрсөтүүсүн анытагыла.
а) I=1 А;  U = 220 В;  б) I=0,7 А;  U = 156 В;  в) I=0,7 А;  U = 220 В; г) туура жообу жок.

92. Электр чынжырында кайсыл параметрлерди өзгөртүп чыңалуунун резонансын алууга жетишсе болот? Тура эмес жообун белгилегиле.
а) бир убакта бардык параметрлерди өзгөртүп.
б) өзгөрүлмө токтун жыштыгын;  в) сыйымдуулукту;  г) индуктивдүүлүктү.

93. Турактуу токтун электр чынжырында үч резистивдүү элемент удаалаш туташтырылган. Эгерде $R_1$=10 Ом; $R_2$=10 Ом; $R_3$=5 Ом болсо, схеманын жалпы каршылыгы канчага барабар?
а)   25  Ом.;  б) 40 Ом;  в) 35  Ом;   г) 50 Ом.

94. Электротехникалык түзүлүштөрдүн кайсы бөлүгү жердештирилет?
1. Изоляцияланган бөлүгү. 2. Ток өткөрүүчү бөлүгү. 3. Экөөсү менен тең. 4. Туура жообу жок.

95. Туруктуу токтун электр чынжырында үч резистивдүү элемент жарыш туташтырылган. Эгерде $R_1$=10 Ом; $R_2$=10 Ом; $R_3$=5 Ом болсо, схеманын жалпы каршылыгы канчага барабар?
а) 20 Ом; б) 50 Ом; в) 40 Ом; г) 25 Ом.

96. Прибор
а)амперметр.; б) конденсатор; в) реостат; г) резистор.

97. Сыйымдуу элемент
а) конденсатор; б) резистор; в) реостат; г) амперметр.

98. Диэлектрик менен ажыратылган каалагандай формадагы эки өткөргүчтөн турган түзүлүш бул…?
а) конденсатор б) резисторы; в) реостат г) ток булагы;

99. Чынжырдын бөлүгү бул…?
а) эки түйүндүн арасындагы чынжырдын бөлүгү; б) чынжырдын туюкталган бөлүгү;
в) элементтердин графикалык сүрөттөлүшү; туура жообу жок.

100. Каршылыктын бирдиги?
а) Ом; б) фарад; в) генри; г) тесла.